# Балага эшикти ачыңыз



БИШКЕК

юнисеф
ар бир бала үчүн

# *Сиз бүгүн өтө көп нерсе жасай аласыз: балаңыз менен майыптуулугу бар балдар тууралуу сүйлөшүңүз*

### Даун синдрому бар бала. Ал ким?

- Ал ***сендей эле бир бала***. Болгону ал сенде жок бир өзгөчөлүк менен төрөлгөн. Ал Даун синдрому деп аталат. Ошондуктан анын тышкы келбети сеникинен айырмалуу жана сага караганда узагыраак окуйт.

**- Ал бала менен кантип ойнойм?**

- Бул бала сен менен баарлашып, сени түшүнгүсү келет. Даун синдрому бар балдардын бардыгы ак ниет жана достукка бекем болушат. Алар абдан ***дос күткүсү келишет***, ошондуктан ушунчалык ишенчээк болушат. Мындай баланы капа кылба, ал сага эч качан жамандык жасабайт. Азыр сен анын сөзүн көп жакшы түшүнө албай жатпайсыңбы, бирок кийинки жолу сага бир кыйла жеңил болуп калат. Ал сен менен  канчалык көп баарлашса, ***ошончолук жакшы сүйлөй баштайт***.

### Аутизм менен ооруган бала. Ал ким?

- Бул ***сага окшогон эле бала***, болгону дүйнөнү башкача сезет. Тегерек четте болгонду бала башкача көрө жана угат. Өтө катуу үндөр же өтө ачык түстөр аны коркутат. Ал эми кээ бир нерселер ага өтө жаккандыктан тигилип карап тура берет.

**- Ал бала менен кантип ойнойм?**

- Сен жөн гана жанына басып барып “Салам, менин атым Акылай!” деп айтсаң болот. Ошол заматта сага да: “Салам! Менин атым Актан! Сени кучактасам болобу?” деп жооп кайтарышы мүмкүн. Бирок эгерде сага жооп бербесе, анда өзүңдү сүрөткө тартып, “Бул мен – Акылай” деп жазып койсоң болот. ***Ал сүрөттөр аркылуу сени дагы да жеңил түшүнө алат***.

### Шал оорусу (ДЦП) менен ооруган бала.
### Ал ким?

- Бул бала шал оорусу менен ооруйт. Бул өз денесин башкарууга мүмкүнчүлүк бербеген оору. Мына, сен досторуң менен жүгүрүп, топ ойноп, сүрөт тартып, сүйлөшө аласың. Сен мунун баарын оңой эле жасайсың жана бир күндө канча деген түрдүү кыймыл-аракеттерди жасаганыңды байкабайсың деле. Ал эми бул баланын колдору жана буттары ага баш ийбейт. Ошондуктан бул ооруга чалдыккан айрым балдар туура эмес басышат жана буттары кайрылып турат. Алар баштарын өздөрү кармай албайт, өз алдынча отура алышпайт жана жакшы сүйлөй алышпайт.

### - Ал бала менен кантип ойнойм?

- ***Ал сен менен дос болгонуна абдан кубанат***. Бирок бир нече жөнөкөй эрежелерди эстеп кал: ***Бир аз жайыраак жана катуураак сүйлө***. Ошондо ал сени жакшы түшүнөт.

Дароо эле жардам бергенге жулкунба. Эгерде мындай бала рюкзагын көпкө чейин жана жай ачып жатса, ал эми сен бул рюкзакты бир көз ирмемде ачууга жардам бере алсаң да шашпа. Ал муну өзү да жасай алат, анткени күндө жасап келатат. ***Сенден сурангандa гана жардам бер***.

Коляскасын анын уруксаты жок тийбе. Эгерде мындай бала дайыма колядкада отурса, анда бул анын денесинин бир бөлүгүндөй эле болуп калган. Кимдир бирөө эле сенин колуңду кармап алып, бир жакка сүйрөй баштаса, бул сага жакпайт да, туурабы?



## Кыргызстанда майыптуулугу бар 29 миң бала жашайт.

## Аларга эшикти жана жүрөгүбүздү ачалы!

